## Конференцияны алып баруучу Анкара университети, теология факультетинин профессору Абдурахман Кучук

Урматтуу меймандар! Баардыгыңыздарга саламым менен кайрыламын. Түркиядагы түрк туугандардан кыргыз туугандарга салам жолдойм. Казак, кыргыз, өзбек, азербайжан булардын баардыгы бир уруудан жана бир уруктун балдары б. э. жана бир ырдын тегерегинде биригебиз. Биз түрк элдери дегенде Орто Азиядан Түркияга чейин жана Алтайдан Сибирге, Балканга чейин жашап жаткан түрктөрдү түшүнөбүз жана аларды түпкү тамыры, ата теги, дини бир экендиги талашсыз. Түркия мамлекетинин куруучуусу б. э Ата Түрк: «Советтер Союзу биздин коңшубуз жана досубуз, бирок бир күнү Советтер Союзу да Осмон империясындай болуп таркап кетет. Ошол жердеги туугандарыбызга жардам берүүгө даяр болгула, жакшы мамиле кылгыла»- деген. Биздин аларга карата болгон даярдыгыбыз ишибизди, динибизди, тилибизди, тарыхыбызды бекемдөөгө дайым даяр болушу керек . Кудайга миң мерте рахмат айтсак да аз. Себеби бүгүнкү конференциянын ачылышында ректордун сүйлөгөн сөздөрүн котормочусуз эле 80%ин түшүндүм. Себеби бул жерде тилибиздин бир экендиги белгилүү. Бүгүнкү күндө бүтүн дүйнөдөгү түрктөрдүн 98% ислам динин тутунушат. Бир элди эл кылган негизги үч нерсеси болот: Алардын биринчиси- тили, экинчиси- дини, учунчусу- урп-адаты. Мисалы, азыр Кыргызстанда муундардан муундарга өтүп келе жаткан урп-адат, салт-сааналары Түркияда Кыргызстандагыдай болуп колдонулуп келе жатат. Бул да туугандыгыбыздан белгиси б.э. Бизди бириктирген нерсе бул ишеничтерибиз, эки элдин ортосундагы көпүрө болуп эсептелген тилибиз. Аталарыбыздан азыркы күнгө чейин келген бир макалда мындай деген: «Түрксүз ислам же исламсыз түрк болбойт». Тарых боюнча канча дин жашаган болсо, ошол диндердин баарынын максаты болгон. Кайсы дин кайсы элден чыккан болсо, ошол элди өз дини менен тарбиялаган. Учурда христианчылыктын кээ бир өкүлчүлүктөрү Орто Азиядагы түрк элдерин христиандаштырууга аракет кылышууда. Бирок бул иш-аракеттердин ишке ашуусу шектүү.

Түрктөр бир гана ислам дининин таасиринен өз бакыт, байлык дөөлөтөрүн табышкан. Ислам дининине Түрктөр 100% киришкен. Бирок кийинчерээк 1% исламдан чыгып, христиан динине өтүп кетишкен. Эмнеге түрктөр ислам динин толук кабыл кылышкан да, 1%ти кайра башка динге өтүп кеткен? Мунун себебин бир мисал менен түшүндүрө турган болсок. баарыбызга белгилүү болот. Көктүрк каганы Билгехан болгон. Анын вазири: «буддизмди өзүбүздүн дин катары кабыл кылалы»- деп Билгеханга сунуш кылганда, Билгехан каршы чыгат. Буддизмдин бизге туура келбеген дин экендигин аягында жакшылыкка алып барбай тургандыгын айтат. Буддизм дининдеги адамдар пассивдүү болот, жалкоо б. э. Эгер биздин эл да ошол динди кабыл кылганда ошондой болмок. Ал эми биздин элдер болсо эмгекти сүйгөн, активдүү, кайраттуу элдердин бири болгон экен. Түрктөр исламга кире электе эле бир «Теңир» бар деп кабыл кылышкан. Ал эми христиан球 дининде болсо бизге туура келбеген нерселер, мисалы, аялдардын акысын жеп, дүйнө жүзүн пассивдүү кылып жатышат. Түрктөрдүн булардан айырмасы чоң, бир гана кудайга ишенишет, аялдардын акысын жебейт, дүйнөнүн туура жол менен өнүгүшүнө жол түзөт. Эң жакшы, адеп-ахлактуу болууга жана иштөөгө үгүттөгөн. Кысказы, ислам дини түрктөрдүн үрп-адаттарына, салттарына эң

туура келгендигин да эске алышкан. Ислам динине эң көп кызмат кылган түрктөр болгон экен. Азыркы күндө да исламды тутунуп, исламга кызмат кылып келе жатышат жана кыяматка чейин улантылмакчы.